**Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги**

**И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети**

**Гуманитардык-педагогикалык колледж**

«Макулдашылды»
Гуман.-педаг.колледжинин
Педагогикалык Кеңешинин
№1-Токтому
21-сентябрь 2023-ж.

«Бекитемин»
И.Арабаев атындагы КМУнун
Гуманитардык-педагогикалык
колледжинин мүдүрү
п.и.к., Толоев М.Ж.
____________________
«21» ____09____ 2023-ж.

# И.Арабаев атындагы КМУнун
# Гуманитардык-педагогикалык колледжинин
# «Жыл мугалими» кесиптик конкурсу жөнүндө жобо

Бишкек - 2023

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Гуманитардык педагогикалык колледждин «Жыл мугалими» наамынын сынагы жөнүндө Жобо колледждин Педагогикалык Кеңешинде талкууланып, бекитилген жана педагогдордун ишмердүүлүгүн колдоо, окуу-методикалык жана тарбиялык иштердин деңгээлин жогорулатуу, окутуунун интерактивдүү, инновациялык ыкмаларын колдонуу, жайылтуу жана окутуучулардын алдыңкы тажрыйбаларын пайдалануу максатында «Жыл мугалими» наамын берүүнүн тартибин аныктайт.

1.2. Сынак окутуучулук курамдын квалификациялуу кадрларды даярдоодогу методикалык, чыгармачыл, окуу жана тарбиялык иштериндеги, кыйла жогорку жыйынтыктарын аныктайт.

1.3. Сынактын максаты - колледждин окутуучу курамынын кесиптик-педагогикалык, чыгармачылык маданиятын жогорулатуу.

1.4. Сынактын милдеттери:

-окуу-методикалык, чыгармачылык, тарбиялоо процессинин сапатын жогорулатууга;

-окутуучулардын окутуучулук чеберчилигинин деңгээлин жогорулатууга өбөлгө түзүү;

- окутуучунун инсандык чыгармачылык потенциалын өнүктүрүүгө;

-мыкты педагогикалык тажрыйбасын жайылтуу;

- инновациялык билим берүү технологияларынын маалыматтарын топтоо жана аларды окуу процессине киргизүү.

- педагогикалык жамаатты чыгармачылык изденүүгө, өз алдынча билим алууга жана квалификациясынын деңгээлин жогорулатууга түрткү берүү;

-жекече педагогикалык тажрыйбаны өз алдынча анализ жана диагностикага таянуу менен ой жүгүртүү жана жалпылаштыруу боюнча иштерди уюштуруу;

- чыгармачылык жана натыйжалуу иштеген окутуучуларды материалдык колдоо;

-колледждин педагогикалык жамаатынын методикалык жана илимий-изилдөө ишин активдештирүү.

1.5. Сынак ыктыярдуу негизде жүргүзүлөт. Сынакка колледждин бардык штаттагы окутуучулары жаш курагы жана педагогикалык стажы чектелбестен катыша алат.

1.6. Сынак жыл сайын учурдагы окуу жылынын 1-октябрынан 20-июнуна чейин өткөрүлөт. Конкурсту уюштуруунун милдеттүү шарты болуп конкурска катышууга ар бир бөлүмдөн үчтөн кем эмес талапкердин болушу эсептелет.

1.7. Конкурстун катышуучулары дипломдорду,грамоталарды алышат, алар директордун буйругу менен белгиленет, материалдык жактан колдоого алынат.

1.8. Сынакты уюштуруу жана катышуучуларды сыйлоо колледждин каражатынын эсебинен ишке ашырылат.

## 2. Педагогдун кесиптик ишинин экспертизасынын мазмуну

2.1. Окутуучунун кесиптик ишине эксперттик баа берүү педагогдун кесиптик эмгегинин сапатын кесиптик милдеттерди аткарууга объективдүү жана субъективдүү өбөлгөлөрдүн жыйындысы катары, иш процессинин өзүн жана анын натыйжаларын түшүнүүгө негизделет.

2.2. Кесиптик-педагогикалык ишмердиктин төмөнкү аспектилери бааланат:

- квалификациялык деңгээли;
- кесиптик компетенттүүлүктүн деңгээли;
- кесиптик ишмердиктин натыйжалуулугу;
- кесиптик маданияттын деңгээли.

2.2.1. Квалификациялык деңгээл (1-тиркеме) төмөнкү көрсөткүчтөр боюнча бааланат:

- билим деңгээли;
- эмгек стажы;
- квалификацияны жогорулатуу.

2.2.2. Кесиптик компетенттүүлүктүн деңгээли (2-тиркеме) төмөнкү көрсөткүчтөр боюнча бааланат:

Сабактарда окуп-үйрөнүү максаттарын белгилөө,сабактын күтүлүүчү натыйжалары менен тааныштыруу жана анын негизинде алынган билим, көндүм билгичтерин окуу процессинде жеке иш тажрыйбасында ийгиликтүү колдонуу.

Окутуудагы иш аракеттерин төрт негизги аспекттиде кароо:

1. Топто жана жупта иштөөсүн уюштуруусу;
2. Сабак учурунда ар кандай окуу жана кошумча материалдарды колдонуусу;
3. Студенттердин сабакка активдүү катышуусу, аларга колдоо көрсөтүүсү;
4. Студенттерге кайтарым байланыш берүү. Кайтарым байланышты окуп үйрөнүү натыйжасын жакшыртуу боюнча көрсөтмөлөр менен берүү.

- педагогикалык ишмердүүлүктүн максаттарын жана милдеттерин коюу чөйрөсүндөгү компетенттүүлүк (максаттарды жана милдеттерди коё билүү; студенттерди максаттарды жана милдеттерди түзүү процессине тартуу);
- билим берүү ишмердүүлүгүнүн мотивациялоо чөйрөсүндөгү компотенттүүлүк (окуу иш-аракетинде ийгиликти камсыз кылуучу кырдаалдарды түзө билүү;
- окуучулардын позитивдүү мотивациясын камсыз кылуучу шарттарды түзүү; окуучулардын өзүн өзү мотивациялоосу үчүн шарттарды түзүү);
- ишмердүүлүктүн маалыматтык негиздерин камсыздоо чөйрөсүндөгү компетенттүүлүк (методдор, окутуу предмети боюнча компетенттүүлүк);
- ишмердүүлүктүн программасын иштеп чыгуу жана педагогикалык чечимдерди кабыл алуу чөйрөсүндөгү компетенттүүлүгү (өз программасын, методикалык жана дидактикалык материалдарды иштеп чыгуу жөндөмдүүлүгү, педагогикалык кырдаалдарда адекваттуу чечимди кабыл алуу);
- билим берүү ишмердүүлүгүн уюштуруу чөйрөсүндөгү компетенттүүлүк (субъект-субъекттик мамилелерди түзө билүү; окуучулардын билим берүү ишмердүүлүгүн уюштуруу; педагогикалык баалоону ишке ашыруу).

2.2.3. Кесиптик иштин деңгээли (3-тиркеме) төмөнкү көрсөткүчтөр менен бааланат:

- жетишкендиктердин натыйжалары;
- студенттердин чыгармачылык потенциалын ишке ашыруу үчүн шарттарды түзүү;
- окуу процессин окуу-методикалык камсыздоо үчүн материалдар;
- басылмалар.

2.2.4. Кесиптик маданияттын деңгээлинин көрсөткүчтөрү (4-тиркеме) болуп төмөнкүлөр саналат:

- шаардык, облустук, республикалык кесиптик сынактарга катышуу;
- окуу процессинде ыңгайлуу микроклиматты түзүү;
- кесиптештер менен конструктивдүү кызматташуу;
- ата-энелер менен өз ара байланышы;
- башка билим берүү уюмдары менен өз ара аракеттенүүсү;
- сүйлөө маданияты;
- маалыматтык маданияты;
- методикалык маданияты (студенттердин анкетасы).

2.3. Мугалимдин кесиптик-педагогикалык иш-аракетинин көрсөткүчтөрү натыйжалуулуктун критерийлеринин негизинде жалпыланат жана ушул Жобонун 1-тиркемесине (1-4-тиркемелер) ылайык баллдарды пайдалануу менен сандык түрдө өлчөнөт.

2.4. Мугалимдин кесиптик ишинин экспертизасынын жыйынтыгы бардык көрсөткүчтөр боюнча топтолгон баллдардын жалпы суммасы болуп саналат.

2.5. Сынакка катышуучу тарабынан берилген документтер:

- сынактын катышуучусунун анкетасы (2-тиркеме);
- квалификациясын жогорулатуу, кайра даярдоо, аспирантура, магистратура, илимий даражаны жана (же) илимий наамды ыйгаруу жөнүндө дипломдун акыркы 3 жыл үчүн көчүрмөсү;
- студенттердин акыркы 3 семестрдеги жетишкендиктери жөнүндө жыйынтык отчету;
- үстүбүздөгү окуу жылындагы сынактык иш-чараларга катышуу үчүн ал тарабынан даярдалган окутуучу менен студенттердин сыйлыктары жөнүндө документтердин көчүрмөлөрү;
- кесиптик ишмердүүлүгү боюнча өзүн-өзүн балоосу;
- усулдук иштеп чыгуулары (акыркы 3 жылда);
- илимий басылмалары (акыркы 3 жылда);
- дисциплинага карата түзүлгөн окуу-методикалык комплекси, кесиптик модулдун;
- автордук иш программалары (учурдагы окуу жылынын);
- студенттердин мыкты окуу-изилдөө иштеринин үлгүлөрү (рефераттар, докладдар,презентациялар).

### 3. Экспертизаны уюштуруунун негиздери жана тартиби.

3.1. Мелдештин демилгечиси колледждин администрациясы. Үстүбүздөгү окуу жылынын 1-октябрына чейин сынакты жана эксперттик топтун курамын жарыялоо боюнча буйрук даярдалат.

3.2. Эксперттик топ беш адамдан түзүлөт жана анын курамына администрациянын өкүлдөрү, колледждин профсоюздук комитети, циклдик комиссиялардын жетекчилери кирет. Эксперттик топтун ичинен төрага жана катчы дайындалат.

3.3. Эксперттик топтун ыйгарым укуктарына төмөнкүлөр кирет:

- мугалимдин кесиптик ишмердүүлүгүн изилдөө, талдоо жана баалоо;
- колледждин директоруна сынактын жеңүүчүсүнүн талапкерлигин көрсөтүү.

3.4. Эксперттик топтун мүчөлөрүнүн милдеттери:

- окуу-тарбиялык сабактарга, сынактын алкагында мугалимдер тарабынан өткөрүлгөн иш-чараларга катышуу;
- сынакка мугалимдер тарабынан берилген окуу-методикалык документтерди изилдөө жана талдоо;
- эксперттик топтун жыйналыштарына катышуу;
- зарыл болгон документтерди жүргүзүү.

3.5. Эксперттик топтун мүчөлөрү төмөнкүлөргө укуктуу:

-сынакка катышуучу мугалимдин уруксаты менен сынактан тышкаркы окуу-тарбиялык сабактарына катышууга (3-тиркеме);
- сынакка катышуучу мугалим менен жекече маектешүү жүргүзүү;
- билим берүүсүнө илимий негиздин кырдаалында диагностика жүргүзүү жана сынактын катышуучусуна бул жөнүндө ага билдирүү менен атаандаш тарабынан түзүлгөн кырдаалды эскертүү.

3.6.Бөлүмдөр боюнча өткөрүлгөн сынактардан кийин биринчи жарым жылдыктын жыйынтыгы боюнча окуу процессинин экинчи жарымында Педагогикалык колледждин сынагынын кийинки этабына катышуучулардын тизмеси сунушталат.

3.7. Сынактын катышуучуларынын берилген тизмелеринин негизинде эксперттик топтун төрагасы 10-марттан кечиктирбестен эксперттик топтун иш планын түзөт, аны Колледждин директору бекитет. Эксперттик топтун иш планы педагогикалык жамаатка билдирилет.

3.8. Эксперттик топтун отурумдары жөнүндө токтом түзүлөт. Токтомду эксперттик топтун катчысы жүргүзөт.

3.9. Эксперттик топтун жыйынтыктоочу жыйынында сынактын жеңүүчүсү аныкталат. Токтомго атаандаш-педагогдордун кесиптик ишмердигин баалоо үчүн тиркемелер тиркелет.

*№1-тиркеме*

**Сынактын катышуучусуна эксперттик баалоонун критерийлери жана шкаласы**

**Квалификациялык деңгээли**

| **№** | **Көрсөткүч** | **Упай-лар-дын саны** | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Билим деңгээли | | | | | | | | | | |
| | Жогорку кесиптик билими | | | | | | | | | | |
| | Илимий даражасы | | | | | | | | | | |
| | Адистиги боюнчаэмгек стажысы: | | | | | | | | | | |
| | 5 жылдан аз | | | | | | | | | | |
| | 5 жылдан 10 жылга чейин | | | | | | | | | | |
| | 10 жылдан 15 жылга чейин | | | | | | | | | | |
| | 15 жылдан 20 жылга чейин | | | | | | | | | | |
| | 20 жылдан ашык | | | | | | | | | | |
| | **Квалификацияны жогорулатуусу** | | | | | | | | | | |
| | 3.1. Акыркы 3 жылда квалификациясын жогорулатуусу, кайра даярдоо, стажировкадан өткөндүгү тууралуу сертификаттардын болушу:<br>-өз убагында өтүүсү;<br>-пландан тышкары жогорулатуу курстары;<br>-пландан тышкаркы жогорулатуу курстары | (ар бири үчүн) | | | | | | | | | |
| | 3.2. Мастер-класстарды өткөрүүсү | 1 (ар бири үчүн) | | | | | | | | | |
| | .Декадаларга,семинарлардын, тегерек столдордун, илимий - практикалык конференциялардын ж.б. уюшулган иш | 1 ( ар бир өтүлгө | | | | | | | | | |
| | 3.4. Шаардык, областтык, республикалык, эл аралык семинарларга, илимий-практикалык конференцияларга | 2 (ар бир иш | | | | | | | | | |

*№2-тиркеме*

**Кесиптик компетенттүүлүктүн деңгээли**

| № | Көрсөткүч | Упай-лар-дын саны | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Педагогикалык ишмердүүлүг максаттарын жана милдеттерин коюу жаатындагы компетенттүүлүк | | | | | | | | | | |
| | Окуу ишмердигин мотивациялоо жаатындагы компетенттүүлүк | | | | | | | | | | |
| | Иштин маалыматтык негиздерин камсыз кылуу жаатындагы компетенттүүлүк | | | | | | | | | | |
| | Иш-чаралардын программасын иштеп чыгуу жана педагогикалык чечимдерди кабыл алуу компетенттүүлүгү | | | | | | | | | | |
| | Билим берүү ишин уюштуруу жаатындагы компетенттүүлүгү | | | | | | | | | | |

*№3-Тиркеме*

## Кесиптик ишмердүүлүктүн натыйжалуулугу

| № | Көрсөткүч | Упайлар-дын саны | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Жетишүүнүн жыйынтыктары** | | | | | | | | | | | |
| | 1.1. Акыркы 3 семестрдеги жетишүү көрсөткүчтөрүнүн өсүү тенденциясы: | | | | | | | | | | |
| | Оң динамика | | | | | | | | | | |
| | Туруктуу көрсөткүч | | | | | | | | | | |
| | Терс динамика | | | | | | | | | | |
| | 1.2.Акыркы 3 семестрдеги студенттердин кесиптик даярдыгынын сапаты (сабактар боюнча орточо балл 3,5тен төмөн эмес) | | | | | | | | | | |
| | Чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрдү ишке ашыруу үчүн шарттарды түзүү | | | | | | | | | | |
| | 2.1. Топтун (студенттердин) катышуусу | | | | | | | | | | |
| | чыгармачылык долбоорлор, сынактар, олимпиадалар, кароолор ж.б. колледж | | | | | | | | | | |
| | колледждин, университеттин илимий-практикалык конференциялары | | | | | | | | | | |
| | шаардык, областтык, республикалык, эл аралык чыгармачылык долбоорлор, сынактар, олимпиадалар, кароолор ж.б. | | | | | | | | | | |
| | 2.2. Жеңүүчү студенттер: | | | | | | | | | | |
| | чыгармачылык долбоорлор, сынактар, олимпиадалар, кароолор ж.б. колледж | | | | | | | | | | |
| | колледжинин илимий-практикалык конференциялары | | | | | | | | | | |
| | шаардык, областтык, республикалык, эл аралык чыгармачылык долбоорлор, конкурстар, олимпиадалар, кароолор, илимий-практикалык конференциялар ж.б. | +3 (шаардык ) (региондук) +5 (республи-калык) +6 (эл аралык) | | | | | | | | | |
| | 2.3. Дипломдук жыйынтыктоочу квалификациялык иштерди көзөмөлдөө | 1 (1 студентке | | | | | | | | | |
| | 3.Куратордук ишти, ишке ашыруусу: | | | | | | | | | | |
| | 3.1. Студенттердин арасында эскертүүлөрдүн, сөгүштөрдүн, укук бузууларынын жоктугу | | | | | | | | | | |
| | 3.2. Студенттердин эч кандай себепсиз сабакты калтыргандарынын жок болушу | | | | | | | | | | |
| | 3.3. Колледждин коомдук жана спорттук иштерине катышуусу | 1 (ар бири үчүн) | | | | | | | | | |
| | Окуу процессин окуу-методикалык материалдары менен камсыздоосу | | | | | | | | | | |
| | 4.1. Автордук иштеп чыгуулардын болушу (практика үчүн программалар, жоболор, семинарлар, кесиптик модулдар ж.б.) | 15(ар бири үчүн) | | | | | | | | | |
| | 4.2. Дисциплинанын жана дисциплиналар аралык курстар үчүн окуу-методикалык комплексинин саны | 5 (ар бири үчүн) | | | | | | | | | |
| | 4.5. Илимий басылмалардын болушу: | | | | | | | | | | |
| | - макалалар, тезистер, докладдар ж.б. | 1 (ар бир | | | | | | | | | |

| | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | басылган барак үчүн) | | | | | | | | | |
| | -монография | 20 (ар бири үчүн) | | | | | | | | | |
| | - окуу китеби | 20 (ар бири үчүн) | | | | | | | | | |
| | - методикалык курал | 15 (ар бири үчүн) | | | | | | | | | |
| | - методикалык көрсөтмө | 10 (ар бири үчүн) | | | | | | | | | |
| | Алдынкы педагогикалык тажрыйбаны көрсөтүү | | | | | | | | | | |
| | 5.1. Ачык сабактарды өткөрүү | | | | | | | | | | |
| | 5.2. Ачык иш-чараларды өткөрүү | | | | | | | | | | |
| | Кабинеттердин алкагында иштерди жүргүзүү (предметтик ийримдин иш-чаралары) | 5(ар бир иш чара үчүн) | | | | | | | | | |
| | Циклдик комиссиялардын алкагында иштерди жүргүзүү (предметтик жумалык) | 5(ар бир иш чара үчүн) | | | | | | | | | |
| | Колледждин, университеттин, республиканын жана чет мамлекеттердин коомдук иштерине катышуусу. | 5(ар бир иш чара үчүн) | | | | | | | | | |

*№4-тиркеме*

**Кесиптик маданиятынын деңгээли**

| **№** | **Көрсөткүч** | **Упай--лар-дын саны** | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Шаардык, облустук, республикалык кесиптик сынактарга катышуусу:<br>- республикалык конкурстун жеңүүчүсү же финалисти болсо;<br>- областтык конкурстун жеңүүчүсү же лауреаты болсо;<br>- шаардык сынактын жеңүүчүсү же лауреаты болсо | | | | | | | | | | |
| | Окуу процессинде ыңгайлуу чөйрөнү түзүү | | | | | | | | | | |
| | Кесиптештер менен конструктивдүү кызматташуусу (Кесиптештер арасындагы сурамжылоонун жыйынтыгы) | | | | | | | | | | |
| | Студенттердин арасында сурамжылоонун жыйынтыгы | | | | | | | | | | |
| | Башка билим берүү мекемелери менен болгон өз ара аракети | | | | | | | | | | |
| | Сүйлөө маданияты | | | | | | | | | | |
| | Маалымат маданияты | | | | | | | | | | |
| | 7.1. Окуу материалдарынын мазмунун берүүдө видео,аудио форматта бере алуусу.<br>-Маалыматтык компьютердик технологияларды билгичтик менен колдоно алуу көндүмдөрүнүн профессионалдуулугу | | | | | | | | | | |
| | 7.2. Заманбап маалымат булактары (Интернет, локалдык тармак) менен иштөө көндүмдөрү жана көндүмдөрүнүн болушу | | | | | | | | | | |
| | 7.3. Изилденип жаткан чөйрөдө окуучунун аң-сезимдин зарыл деңгээлин калыптандыруу | | | | | | | | | | |
| | Методикалык маданият | | | | | | | | | | |
| | 8.1. Изилдөөгө методикалык проблеманын болушу | | | | | | | | | | |
| | Кесиптик ишмердүүлүгүн өз алдынча баалоо:<br>- өз тажрыйбасын жайылтуу максатында массалык-маалымат булактарына презентациялоосу, YouTube көрүүчүлөр тарабынан белгилениши;<br>- өз тажрыйбасын электрондук алып жүрүүчүдөн көрсөтүү; | | | | | | | | | | |
| | Тартип | | | | | | | | | | |
| | Сабакка кечигип келүүсү | ар бири үчүн) | | | | | | | | | |
| | Сабакты үзгүлтүкө учуратышы | ар бири үчүн) | | | | | | | | | |